# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын айрым ченемдеринин колдонулушун токтото туруу жөнүндө**

2020-жылдын 22-октябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

Өлкөдөгү коомдук-саясий, эпидемилогиялык жана алар менен байланышкан экономикалык кырдаалды турукташтыруу, элдин шайлоо процессине болгон ишениминин деңгээлин жогорулатуу максатында жана коомдун кыйла кеңири катмарларынын пикирлерин эске алуунун зарылчылыгына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган конституциялык реформа өткөрүү менен байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 конституциялык Мыйзамынын 38 жана 63-беренелеринин колдонулушу токтотула турсун.

**2-берене**

2020-жылдын 4-октябрында өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жараксыз деп таанылгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоо же болбосо жаңы шайлоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бирок 2021-жылдын 1-июнунан кечиктирбестен жарыяланат.

**3-берене**

1. Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет жана конституциялык реформа аяктаганга чейин колдонулат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы:

– өздөрүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул конституциялык Мыйзамга ылайык келтирсин;

– ушул конституциялык Мыйзамдан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин милдеттерин аткаруучу** **С.Н. Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2020-жылдын 22-октябры
№1